| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |
|---|---|---|

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**VII-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №12/2**

Жаны-Арык айылы — 2022-жылдын 2-августу

**Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган дан өсүмдүктөрүн жыйноочу «Нива-эффект» маркасындагы 2 комбайнды жеке адамдарга келишимдин негизинде 2022- жылдын оруу жыйноо мөөнөтү аяктаганга чейин берүү жөнүндө**

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун карап, айылдык кенештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык Кенешинин VII-кезексиз сессиясы, **токтом кылат:**

1. Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги дан өсүмдүктөрүн жыйноочу “Нива-эффект” маркасындагы 2 комбайнды, дан жыйноо өнөктүгү башталгандыгына байланыштуу, аткарган жумушуна жараша түшкөн пайданын 30% комбайнды арендага алган адамга берүү, ал эми 70% айыл өкмөтүнүн банктагы атайын эсебине төгүү менен келишимдин негизинде 2022- жылдын оруу жыйноо мөөнөтү аяктаганга чейин арендага берүүгө уруксаат берилсин.

2. Комбайндарды жеке адамдарга арендага берүүдө эки тараптуу келишим түзүлсүн жана келишимге эки тараптын укуктары жана милдеттери, форс-мажордук жагдайлар, комбайндарды колдонуу жана көзөмөлдүккө алуу шарттары камтылсын;

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Жаны-Арык айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**